**Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин 2021-2022-жылга чейин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча маалымат**

1. Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби 2021-жылы 20 -майда ачылып, 2021-жылы 15-сентябрында ишке кирген. Мектеп ASSANABIL уюму тарабынан каржыланып, 2 жылдын ичинде бүткөрүлгөн. Класс ичиндеги парта, стул, доска, шкаф жана кийим илгичтерди да ушул уюмдун каржылоосу менен алынып келинген. Ашкана ичиндеги тамак ичүүчү стол, стулдар да арабтардын уюму аркылуу алынган. Ал эми ашкана буюмдары -электрдик жабдуулар жана бардык эмеректер жергиликтүү бийлик Байтик айыл өкмөтү тарабынан каржыланып алынган.
2. Ошондой эле, Агахан уюму мектепке 3 даана компьютер мугалимдердин ишмердүүлүгүнө жардам көрсөтүү катарында беришкен.
3. Ал эми окуучулар үчүн компьтерлерди жана интерактивдик доска, проектор алууну көздөп, спонсор издеп жатабыз. Жалпысынан мектеп жаңы гана ишке киришип жаткандыктан, эмеректер жаңы. Бизге жогорудагы жазылган эмеректер абдан керек.
4. 2021-2022-окуу жылынын аягында спонсор аркылуу колонка алдык. Бул да абдан керек болгондуктан, спонсорлорго ыраазыбыз. Ар бир иш-чара өтүүдө колдонулуп, мектептин окуучулары, мугалимдерине аз болсо да ыңгайлуу шартты түзүүдө. Былтыр 2021-2022 окуу жылында Аламүдүн райондук өнүтүрүү фонду тарабынан мектептин сырты курчалган.
5. Буюрса алдыда да алына турган эмеректерди алуунун жолун пландап жатабыз.

Мектеп мүдүрү Эшимканова Г.Э.